ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРДИН ПАРЛАМЕНТТИК АССАМБЛЕЯСЫ

СОЦИАЛДЫК, МАДАНИЙ ЖАНА ГУМАНИТАРДЫК МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА КОМИССИЯ

**ОНУНЧУ ЖЫЙЫН**

**2023-жыл 2 март, Бишкек**

**Отчёт**

# БУУнун сапаттуу билим берүү боюнча Туруктуу өнүгүү максатына (ТӨМ) жетүү үчүн ТүркПАга мүчө өлкөлөрдүн пост-пандемия кырдаалында транс чек аралык билим берүүнү өнүктүрүү боюнча кызматташуусу

Кыргызстандын Чолпон-Ата шаарында өткөн ТүркПАнын 11-Пленардык отурумунда кабыл алынган Катчылыктын 2023-жылга карата иш планына ылайык ТүркПАнын Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча Комиссиясынын онунчу жыйынын күн тартибинин негизги темасы “**БУУнун сапаттуу билим берүү боюнча Туруктуу өнүгүү максатына (ТӨМ) жетүү үчүн ТүркПАга мүчө өлкөлөрдүн пост-пандемия кырдаалында транс чек аралык билим берүүнү өнүктүрүү боюнча кызматташуусу”** деп чечим кабыл алынган.

ТүркПАнын бардык мүчө мамлекеттери Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) жана анын Программаларынын толук кандуу мүчөлөрү болуп саналат. ТүркПАнын ар бир мүчө мамлекети өзүнүн узак мөөнөттүү өнүгүү пландары билим берүүнү өнүктүрүү, анын жеткиликтүүлүгү жана өркүндөтүү боюнча, өзгөчө жогорку билим берүүнүн контекстинде белгилүү бир милдеттерди камтыйт.

Азыр дүйнө жүзү боюнча 235 миллионго жакын жогорку окуу жайларынын студенттери бар. Чет өлкөлөрдө 6 миллионго жакын студент билим алууда, алардын саны 2025-жылга чейин 8 миллионго жетет деп болжолдонууда. ЮНЕСКОнун изилдөөлөрүнө ылайык, дүйнөнүн ар кайсы бөлүктөрүндө жогорку билимдин жеткиликтүүлүгү бирдей эмес: студенттердин эң аз саны Африка өлкөлөрүндө, Сахара чөлдүн түштүк бөлүгү – жалпы студенттердин санынан 9% түзөт; Борбордук жана Түштүк Азия – 25%; Чыгыш, Түштүк-Чыгыш Азия, Латын Америкасы жана Кариб деңизинин өлкөлөрү – 40%-50% түзөт. БУУнун Калк Фондунун маалыматы боюнча, 2022-жылдын акырына карата дүйнөдөгү адамдардын жалпы саны 8 миллиард түздү, ал эми 15-64 жаштагы калктын үлүшү жалпы сандын 65% түзөт. Бул 65% дүйнө калкынын арасында студенттер 4,5% гана түзөт.

2020-жылы COVID-19 пандемиясы билим берүү уюмдарын убактылуу жабылышы менен билим берүүнүн бардык деңгээлдериндеги жалпы окуучулардын 91%, болжол менен 1,6 миллиард адамга таасирин тийгизген. Ал эми бул окуя күнүмдүк жашоодо гана эмес, билим берүү тармагында да жаңы ыкмаларды кайрадан ойлонууга мажбур кылды.

2030-жылга чейин Туруктуу өнүгүүнүн 4-максаты (ТӨМ-4) бүткүл дүйнө жүзү боюнча инклюзивдик жана адилеттүү сапаттуу билим берүүнү ишке ашырууну жана бардыгы үчүн жашына карабастан билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн илгерилетүүнү көздөйт. Бул долбоорду ишке ашыруу улуттук билим берүү системасын өнүктүрүүнү да, ТӨМ-4 талаптарын канааттандыруу үчүн транс чек аралык билим берүүнүн потенциалын кеңейтүүнү да карайт.

## АЗЕРБАЙЖАН

Азербайжанда жогорку окуу жайларынын студенттеринин орточо саны жыл сайын көбөйүүдө. 2022/2023-академик жылы студенттердин саны 216 миң адамды түздү, бул өлкөнүн жалпы калкынын дээрлик 2,1% түзөт. Азербайжанда бардыгы болуп 51 университет бар, алардын кээ бирлери өлкөнүн башка шаарларында жана региондорунда жайгашкан.

БУУнун Өнүктүрүү программасынын маалыматына ылайык, инсандык өнүгүү индексинин (ИӨИ) көрсөткүчтөрүндө Азербайжан 0,745 индекси менен 191 өлкөнүн арасында 91-орунда турат. Жыл сайын бул көрсөткүчтөр жогору көздөй жылып бара жатат. ИӨИнин жогорку

даражасы өлкөнүн билим берүү деңгээлин жогорулатууну да билдирет, бул Азербайжандын жашоо деңгээлинин салыштырмалуу жогору болушуна таасирин тийгизет.

Азербайжан ТүркПА мүчө мамлекеттер менен жогорку билим берүү тармагында активдүү кызматташат. Кызматташтыктын көбү мамлекеттик органдар менен университеттердин ортосундагы эки тараптуу келишимдердин негизинде студенттердин алмашуусунда белгиленет.

Азербайжан менен Казакстандын Билим берүү министрликтеринин ортосунда кол коюлган Макулдашуунун негизинде жыл сайын бештен бакалавр жана докторантура студенттерин алмашуусу каралууда. 2022/2023-жылдары Азербайжандын жогорку окуу жайларында 87 Казакстандын жараны билим алган; Азербайжандын бир студенти Казакстандын Аль-Фараби атындагы Улуттук университетинде билим алууга мүмкүнчүлүк алды.

2021-жылдын май айында Азербайжандын Билим берүүнүн сапатын камсыздоо агенттиги менен Казакстандын Билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча көз карандысыз агенттигинин ортосунда өз ара түшүнүшүү меморандумуна кол коюлган. Мындай кызматташтык мамлекеттердин билим берүү стандарттары боюнча биргелешкен баалоо программалары үчүн аянтчаны түзөт.

2022-жылдын июнь айында Азербайжандын билим берүү тармагындагы кызматташууга болгон аракети Азербайжандын билим берүү жана илим министри Эмин Амруллаевдин Казакстанга болгон иш сапары жана анын кесиптеши Илим жана жогорку билим берүү министри Нурбек Саясат мырза менен жолугушуусу менен дагы бекемделди.

Азербайжандын студенттик алмашуу программасы Кыргызстан менен да алектенет. 2022/2023-окуу жылында Кыргызстандын 15 жараны Азербайжанда бакалавриат жана докторантурада билим алып, алардын арасында эки студент билим берүү грантына ээ болду.

Түркия Республикасы менен Азербайжандын билим берүү тармагында кеңири алмашуу программасы жүргүзүлүүдө. 2022/2023-жылдары гана Азербайжанда Түркиянын 3036 жараны билим алган. Азербайжан Республикасында 2019-2023-жылдарга карата жогорку билим берүү системасынын эл аралык атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча мамлекеттик программанын алкагында 43 Азербайжандын жараны Түркияда PhD докторантурада билим алган. Азербайжан

Республикасынын 2022-2026-жылдарга жаштарды чет өлкөлүк абройлуу университеттерге даярдоо боюнча мамлекеттик программасы Азербайжандын 24 студентине Түркиянын 13 жогорку окуу жайларында билим алууга мүмкүнчүлүк берди.

Азербайжан менен Түркиянын ортосундагы билим берүү кызматташтыгы эки тараптуу сапарлар жана 2022-жылдын июнь айында Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү Кеңешинин делегациясынын Азербайжан Республикасына иш сапарынын алкагында Азербайжан жана Түркия университеттеринин 60 ректорунун жолугушуусу сыяктуу өкмөттүк деңгээлдеги ар кандай иш-чараларга катышуудан турат.

Жогорудагы иш-чаралар менен катар Азербайжан менен Түркия Азербайжандагы эки кесиптик билим берүү мекемесин реконструкциялоо жана жаңы Азербайжан-Түрк университетин түзүү боюнча кызматташууну алып бара жатышат.

2030-жылга чейинки Күн Тартибинин Туруктуу Өнүгүү Максаттарына ылайык, Азербайжан Республикасынын Президенти 2021-жылга карата "Азербайжан 2030: социалдык-экономикалык өнүгүүнүн улуттук артыкчылыктары" жөнүндө Буйрукка кол койду. 2022-жылдын 5-ноябрында Баку шаарында 46 мамлекеттен келген кеңири чөйрөдөгү илимпоздордун жана эксперттердин катышуусу менен өткөн "Билим берүүнүн жаңы чакырыктары" аттуу 3-эл аралык форумунда талкууланган билим берүү маселелери боюнча белгиленген стратегиялык документте атайын арналган бөлүм камтылган.

## КАЗАКСТАН

Казакстандын жогорку окуу жайларынын студенттеринин 575,5 миң адамды түздү, бул өлкөнүн жалпы калкынын 3% түзөт. Расмий маалыматтар боюнча Казакстанда 116 жогорку окуу жайлары бар жана алардын 4/1 мамлекеттик окуу жайлар, 72% - жеке менчик окуу жайлары, калгандары чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары.

БУУнун Өнүктүрүү программасынын маалыматына ылайык, инсандык өнүгүү индексинин (ИӨИ) көрсөткүчтөрүндө Казакстан 0,811 индекси менен 191 өлкөнүн арасында 56-орунда турат, бул жогору деңгээл деп саналат. ИӨИ көрсөткүчтөрү бир аз төмөндөгөн, бирок дүйнөлүк темпте жалпы позиция өткөн жылга салыштырганда 3 позицияга жогорулады. Казакстанда илгери адымдаган социалдык-экономикалык өнүгүү жана

ИӨИнин өсүшү 5-6 жылдын ичинде жогорку билимдүү студенттердин санын 1 миллионго чейин көбөйтүүнү болжолдойт.

Жогоруда аталган Казакстандагы студенттердин ичинен 3,9% чет өлкөлүк студенттер: 1,9% КМШ мамлекеттеринен, көбүнесе Өзбекстандан (1,4%); 2% алыскы чет өлкөлөрдөн, көбүнчө Индиядан (1,3%) келген студенттер. Чет элдик студенттердин Казакстанда билим алууга болгон кызыгуусу өлкөдөгү жогорку билим берүүнү модернизациялоого жана интернационалдаштырууга түрткү берди. Аталган иш-чаралардын бири билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жана Казакстандын экономикасынын өнүгүшүнө салым кошууга багытталган 2011-2020-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программа эсептелет. Жогорку билим берүүнүн интернационалдаштыруусу 2015-жылы кабыл алынган “100 конкреттүү кадам” аттуу Улуттук планда чагылдырылган, бул орто мектептерде жана жогорку окуу жайларда окутууну кадам сайын англис тилине өтүүсү күтүлүүдө. Бунун максаты – билимдүү инсандардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана билим берүү секторунун экспорттук потенциалын жогорулатуу. Аталган программанын уландысы 2020-2025-жылдарга карата мамлекеттик программа болуп саналат, анын эки максаты бар: Казакстандын билим берүүсүнүн глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө илимдин салымын жогорулатуу. Аткарылууга тийиш болгон милдеттер сапаттуу билим берүү, айылдык жана шаардык билим берүүнүн деңгээлинин ортосундагы ажырымды азайтуу, билим берүү процессинин ырааттуулугу сыяктуу көптөгөн ТӨМгө жооп берет.

Билим берүүдөгү илгери адымдаган реформалар Казакстанды 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүүсүнө, 21-кылымда керектүү көндүмдөрдү өнүктүрүүгө, бардык кадамдарда сапаттуу жана кымбат эмес билим берүүгө бирдей мүмкүнчүлүк түзүүгө алып бара жатат.

2010-жылы Казакстан Болон декларациясына кошулуп, Болон процессинин 47-өлкөсү болду. Бул жагдай Казакстандагы Ясави атындагы Казак-Түрк университети, Казак-Герман университети, Казак-Британ техникалык университети, Казак-Америка эркин университети жана башкалар сыяктуу эл аралык жана биргелешкен университеттердин ишин жеңилдетет. Казакстандын билим берүү уюмдары чет өлкөлүк өнөктөштөр менен TASIS жана Tempus сыяктуу академиялык программалар аркылуу кызматташат.

Мыйзамдык деңгээлде билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык кызматташтык Казакстан Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамы (2007-ж.) жана башка ченемдик укуктук актылар менен бекитилген. Казакстандын билим берүүсүн интернационалдаштыруу алдыңкы билим берүү системасына ылайыктуулугу гана эмес, ошондой эле чет өлкөлүк студенттерди Казакстанга окууга тартууга жана жакынкы келечекте алардын санын 10%га көбөйтүүгө багытталган.

## КЫРГЫЗСТАН

Кыргызстандагы жогорку кесиптик окуу жайлардын студенттеринин орточо саны 231 миңге жакын адамды түзөт, бул өлкөнүн жалпы калкынын 3,3% түзөт. Статистикалык маалыматтарга ылайык, Кыргызстанда 60 жогорку окуу жайлары бар жана алардын 3/1 бөлүгү жеке менчик окуу жайлар.

БУУнун Өнүктүрүү программасынын маалыматына ылайык, инсандык өнүгүү индексинин (ИӨИ) көрсөткүчтөрүндө Кыргызстан 0,692 индекси менен 191 өлкөнүн арасында 118-орунда турат, бул ортончу деңгээл деп саналат. Көрсөткүчтөр өткөн жылдарга салыштырганда бир аз жогорулады. Өсүп жаткан көрсөткүчтөр өлкөнүн жалпы социалдык-экономикалык жана билим берүү тармагынын өнүгүүсүндөгү оң динамикасын чагылдырат.

Кыргызстандын билим берүү системасы да интернационалдаштыруу процессине катышууда. Жогоруда аталган студенттердин арасынан 35% чет өлкөлүк студенттер. Алардын көбү Борбор Азия өлкөлөрүнүн жарандары. Кыргызстандын билим берүү уюмдары Мевлана, DAAD, Эразмус+, Фулбрайт программаларынын алкагында тыгыз иштешет. Билим берүүнүн интернационалдаштырыуусунда Кыргызстандын катышуусу студенттик жана академиялык мобилдүүлүктү, ошондой эле Болон процессинин алкагында программалык мобилдүүлүктү камтыйт.

2022-жылдын октябрь айында Кыргызстан менен Азербайжандын Мамлекеттер аралык Кеңешинин 1-жыйынында эки мамлекеттин президенттери конкреттүү программаны иштеп чыгуу менен билим берүү тармагындагы кызматташтыктын потенциалын жогорулатуунун маанилүүлүгүн белгилешти.

Кыргызстан менен Казакстан Борбордук Азия регионундагы эң жакын коңшулар катары билим берүү тармагында кызматташуу боюнча

көптөгөн эки тараптуу келишимдерге жана меморандумдарга кол коюшкан. Жакында эле эки мамлекеттин өкмөттөрүнүн ортосундагы билим берүү тармагындагы   киргизүү тууралуу Протоколго кол коюлду. Бул документке Казакстандын Президенти К.-Ж. Токаев 2022-жылдын май айында Кыргызстанга расмий сапар кылган учурда кол коюлган. Кызматташтыктын илгери жылышы Кыргыз Республикасында Казакстан университеттеринин филиалдарын ачылышынын мүмкүнчүлүгү билдирет.

Кыргызстан менен Түркиянын билим берүү тармагындагы кызматташтыгы университеттер ортосундагы эки тараптуу мамилелерден баштап, өкмөттөр аралык мамилелерге чейин бардык деңгээлде белгиленет. 2021/2022-окуу жылында Кыргызстандын жогорку окуу жайларында Түркиянын 1048 жараны билим алса, алардын 857си эки өлкөнүн ортосундагы билим көпүрөсү болгон Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде окуп жатат. Ал эми Түркияда 1649 Кыргызстандын жарандары стипендия жана өз алдынча акы төлөп окушат.

ТӨМ артыкчылыктары менен катар Кыргызстан 2040-жылга чейинки Улуттук өнүгүү стратегиясына бардык деңгээлдеги билим берүүнү жакшыртууга артыкчылыктуу көңүл бурууну киргизген жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги тарабынан “2021-2040-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы” аттуу документ иштелип чыккан. Документте чагылдырылган негизги максаттар 2030-жылга чейин Күн тартибинин улуттук маданий баалуулуктарды сактоосу менен бирге сапаттуу билим берүү, анын жеткиликтүүлүгү жана заманбаптыгы сыяктуу максаттар менен окшош.

**ТҮРКИЯ**

2021-жылга карата Түркиядагы жогорку окуу жайлардын студенттеринин саны 8,4 миллион адамга жеткен. Бул сан акыркы 18 жылдын ичинде 1,6 миллионго көбөйдү. Бүгүнкү күндө жогорку окуу жайларынын студенттеринин саны өлкөнүн бардык калкынын дээрлик 10% түзөт. Түркияда 209 университет болсо, алардын 129 мамлекеттик университет.

БУУнун Өнүктүрүү программасынын маалыматына ылайык, инсандык өнүгүү индексинин (ИӨИ) көрсөткүчтөрүндө Түркия 0,838 индекси менен 191 өлкөнүн арасында 48-орунда турат, бул абдан жогору деңгээл деп

саналат. ИӨИ индикаторунун көрсөткүчү жана ээлеген орду өткөн жылы менен салыштырганда жогору көздөй көтөрүлдү. Жогорку көрсөткүчтөр бул билим берүү системасына мамлекеттин салымын билдире турган нерсе, б.а. бюджеттин жогорку окуу жайларына бөлүнгөн каражаттары 2,5 миллиард лирадан 36 миллиард лирага чейин көбөйгөн.

Түркияда дүйнө жүзүнөн 200 миңге жакын студент жогорку билим алып жатат. Түркиянын бардык жогорку окуу жайларынын студенттеринин арасында кыздардын катышы 49%га жетти. ТӨМ-4 ишке ашыруу менен бирге, Түркияда гендердик теңчиликке жана аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана алардын билим берүү тармагындагы потенциалына байланыштуу ТӨМ-5 да өз жолунда.

Түркия менен Азербайжандын ортосундагы билим берүү тармагындагы кызматташтык көптөгөн эки тараптуу келишимдерге жана меморандумдарга негизделет: Билим берүү министрликтеринин ортосундагы өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум (28.02.1992); Билим берүү, окуу, эксперттик жардам, техникалык жана илимий кызматташуу боюнча мамлекеттер аралык келишим (03.05.1992); Илимий-техникалык, социалдык, маданий жана экономикалык чөйрөлөрдө ар тараптуу кызматташуу жөнүндө мамлекеттер аралык макулдашуу (09.02.1994); Билим берүү чөйрөсүндөгү өкмөттөр аралык кызматташуу жөнүндө макулдашуу (31.10.2017); Профессионалдык билим берүү чөйрөсүндө кызматташуу жөнүндө протокол (19.02.2021); Азербайжан Республикасынын Билим берүү министрлиги менен Түркия Республикасынын Маданият жана туризм министрлигинин Экспатрианттар жана тууганчылык коомдорунун башкы башкармалыгынын ортосундагы Ниет каты (23.02.2021); Азербайжан Республикасынын Билим берүү министрлиги менен Түркиянын Маариф Фондунун ортосундагы Протокол (20.05.2021); Билим берүүнүн сапатын камсыздоо агенттиги (ТКТА) менен Түркиянын жогорку билим берүүнүн сапаты боюнча Кеңешинин (THEQC) ортосундагы өз ара түшүнүшүү меморандуму (26.07.2021).

Бул документтер мамлекеттердин билим берүү тармагындагы мындан аркы сапаттык өнүгүүсүнө негиз түздү. Эки өлкөнүн билим берүү министрликтеринин жетекчилеринин эки тараптуу жолугушуулары, өз ара иш сапарлары жана тажрыйба алмашуу сапарлары кызматташуунун практикалык иштерин чагылдырууда. Билим берүү тармагындагы кызматташтыктын натыйжаларынын арасында Азербайжандын билим берүү уюмдарында “Жалпы түрк тарыхы” сабагын окутулушун, “Түрк

дүйнөсүнүн географиясы", "Жалпы түрк адабияты" китептеринин үстүндө иштөөнү белгилесе болот.

Профессионалдык-техникалык билим берүү боюнча билим берүү долбоору ТИКАнын колдоосу менен мамлекеттер ортосунда да жүргүзүлүүдө. Азербайжанда түрк-азербайжан биргелешкен лицейлери жана мектептери бар, алар негизинен Түркия жарандары жана жергиликтүү окуучулар үчүн ачылган. Акыркы заманда эки тарап Азербайжанда жайгаша турган Түрк-Азербайжан биргелешкен университетти ачуу үстүндө иштеп жатышат. Университетте Түркиянын алдыңкы университеттеринде орун алган жана Азербайжанда суроо-талапка ээ болгон адистиктер окутулат.

Түркиянын Казакстан менен билим берүү тармагындагы кызматташтыгы ар кандай деңгээлдеги бир нече эки тараптуу келишимдерге негизделген. Алардын биринчилеринин бири эки мамлекеттин президенттери кол койгон өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум (25.09.1991). Бул документ кызматташтыкты андан ары кеңейтүү үчүн негиз болуп саналат: Билим берүү, илим, маданият жана спорт чөйрөсүндө кызматташуу жөнүндө өкмөттөр аралык макулдашуу (01.05.1992); Ясави атындагы Түрк-Казак университетин түзүү жөнүндө келишим (31.10.1992); Билим берүү министрликтеринин ортосундагы билим берүү жана илим чөйрөсүндө кызматташуу жөнүндө протокол (04.03.1997); Билим берүү министрликтеринин ортосунда кесиптик-техникалык билим берүү жөнүндө макулдашуу (05.02.2007); Билим берүү чөйрөсүндө кызматташуу боюнча өкмөттөр аралык макулдашуу (10.05.2022) ж.б. Бул документтер Казакстанда түрк орто жана жогорку мектептердин ачылышына жана иштешине, анын ичинде Ясави университетинин иштешине платформа түздү. Мындан тышкары Казакстандын мектептеринде жана университеттеринде түрк тилинде көптөгөн маданий курстар жана тил курстары ачылган. Транс чек аралык билим берүү кызматташуусу ошондой эле профессионалдык-техникалык билим берүү долбоору жана анын алкагында алмашуу программалары аркылуу ишке ашырылат. 2012-2017-жылдар аралыгында Стамбулда Казакстандан 363 тренер болду, ал эми Түркиядан 52 мугалим Казакстанга окуу сапарына барышты.

Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы кызматташтык эки тараптуу келишимдерге, меморандумдарга жана протоколдорго негизделген. Билим берүү, маданият жана илим чөйрөсүндө кызматташуу жөнүндө өкмөттөр аралык келишим (03.03.1992) мамлекеттер ортосундагы билим

берүү кызматташтыгын кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө түрткү берди. Кызматташуу Түрк-Кыргыз Анадолу орто мектебин жана кыздар үчүн Түрк-Кыргыз Анадолу кесиптик орто мектебин түзүү аркылуу ишке ашырылат; Кыргыз-Түрк «Манас» университетин түзүү; Кыргызстандын университетинин түрк билим берүү борборунда Түркиянын жарандары үчүн жумуш оруңдары камсыз кылынат. Билим берүү тармагында кызматташуу боюнча иштер көп тармактуу мамилелердин жана Биргелешкен экономикалык комиссиянын алкагында да жүргүзүлөт.

Түркия үчүн билим берүүнүн интернационалдашуусу чет элдик студенттерди кабыл алуучу өлкө болуу жана чет өлкөлөрдө түрк мектептерин жана университеттерин ачуу гана эмес, ошол эле учурда түрк студенттеринин чет өлкөдө жогорку билим алуусу да саналат. Түркиянын Улуттук билим берүү министрлигинин маалыматына караганда, 14 өлкөдө 145 миңге жакын түрк студенттери билим алып жатышат. Жалпысында Европа өлкөлөрүндө жана АКШда.

## КОРУТУНДУ

ТүркПА мүчө мамлекеттер билим берүүнүн интернационалдаштыруу процессинин толук кандуу катышуучулары болуп саналат. Мамлекеттик жана жогорку окуу жайлардын программалары өлкөдөгү билим берүүнүн сапатын жогорулатууга да, аны эл аралык деңгээлде жайылтууга да багытталган.

Билим берүүнүн интернационалдаштыруусу ар кандай жолдор менен ишке ашырылат, анын ичинде университеттин филиалдарын ачуу, кош дипломдун программасы менен биргелешкен университеттерди түзүү, билим берүү мобилдүүлүгүнүн программасына ылайык келген студенттердин жана академиктердин алмашуусу.

ТүркПА мүчө мамлекеттердин ортосундагы транс чек аралык билим берүү жогорку окуу жайлардын академиялык жана студенттик мобилдүүлүгү менен гана чектелбейт. Ал ошондой эле орто жана жогорку мектептерде берилген билим берүү үчүн да колдонулат. Бул көбүнчө Түркия тарабынан ТүркПА мүчө мамлекеттерде түрк жарандары жана этникалык топтору гана эмес, бирок жергиликтүү жарандар да билим ала турган орто жана жогорку мектептерди жана билим берүү борборлорун ачуу аркылуу ишке ашырылат. Башталгыч, орто жана жогорку мектептердин деңгээлиндеги билим берүү кызматташтыгы

окуучулардын бири-бири менен мындан ары интеграциясы жана баарлашуусу, билим берүүдөгү жалпы кабылдоону жана түшүнүүнү өнүктүрүү үчүн чоң роль ойнойт.

ТүркПА мүчө мамлекеттердин университеттери эки тараптуу эл аралык мамилелерден тышкары Түрк дүйнөсүнүн университеттеринин ассоциациясынын (TURKUNIB) алкагында 41 университеттин (Түрк мамлекеттер уюму алкагында кызматташуу программасы) кызматташат.

Чек арадан тышкары билим берүүнү илгерилетүү Болон процессине негизделген европалык платформаларды колдонуу менен жүргүзүлөт. Азербайжан, Казакстан жана Түркия Болон процессине 2005, 1999 жана 2001-жылдары кошулган. Кыргызстан Болон процессине толук кошулган жок, бирок анын 15 жогорку окуу жайлары 2002-2015-жылдар аралыгында Университеттердин Улуу Уставына (Magna Charta Universitatum) кол коюп Болон конвенциясына кошулушкан.

ТүркПА мүчө мамлекеттер кызматташуу үчүн эң аз дегенде эки эл аралык платформага ээ: Болон процесси жана TURKUNIB Орхун процессинин 41 университети, экөө тең Европалык кредиттерди которуу жана топтоо системасын (ECTS) колдонушат. ТүркПА мүчө мамлекеттердин билим берүүнүн интернационалдаштыруусунун эң мыкты тажрыйбасы бул бар болгон кызматташтык системасын түрк билим берүү процессине интеграциялоосу.